ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин кеңейтилген жыйынынын
№10/24 протоколу

2025-ж. 27-июнь Жалал-Абад ш.
Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 23
Катышкандар: 21
Катышпагандар: 2 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин кеңейтилген жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ф-м.и.к., доцент М.Р. Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Тиешелүү материалдар
1	2024-2025-окуу жылындагы Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышы жөнүндө	Окумуштуу катчы	Баяндама, токтом долбоору
2	2024-2025-окуу жылына карата проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн жылдык отчеттору	Проректорлор, бөлүм башчылары	Отчеттор, баяндамалар
3	Жайкы экзамендик сессиянын жүрүшү жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору
4	Ар түрдүү маселелер		
4.1	2025-2026-окуу жылына карата административдик-окуу корпусун оңдоп түзөө жана даярдоо жөнүндө	АЧИ боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору
4.2	2025-2026-окуу жылына карата акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифин бекитүү	Ага экономист	Баяндама, токтом долбоору
4.3	ЖАЭУнун симуляциялык борборун түзүү жөнүндө	Ректор	Маалымат, токтом долбоору
4.4	2024-2025-окуу жылынын жыйынтыгы менен кызматкерлерди сыйлыктарга көрсөтүү	Ректор	Билдирүүлөр, маалымат, токтом долбоору
4.5	Жылдык мониторингтин жыйынтыгы менен Дарылоо иши (5 жыл) Билим берүү программасына өзгүүлөрдү киргизүү жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча 2024-2025-окуу жылындагы Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышы жөнүндө илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор, окумуштуу катчы т.и.к. З.А. Асилова сүйлөдү: – "Саламатсыздарбы, урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү!

Алгач Окумуштуулар Кеңешмесинин жылдык иш планы кыргыз жана орус тилдеринде түзүлүп, пландын негизинде бардык отурумдар уюштурулуп келди. Жыл башында пландалган бардык маселелер каралды. Учур талабына жана шарттарга карата Ар түрдүү маселелер ар бир жыйында киргизилип талкууланды.

Жалпысынан ар бир каралган маселеге чечим чыгып, ал чечимдер толугу менен аткарылды.

Тактап айтканда жыл ичинде отурумдун чечимдеринин негизинде 36 билдирүү даярдалып буйруктар чыгып, аткарылды."

Токтом долбоору:

Окумуштуу катчынын маалыматы эске алынсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А. Садырова аткарган иштери боюнча бир жылдык отчет берди: – "Урматтуу кесиптештер жыл ичиндеги ЖАЭУнун окуу процессине тиешелүү иштерини баарысын карап чыксак.

Окуу процессин уюштуруу жана көзөмөлдөө багытында төмөнкү иштер аткарылды:

1. Билим берүү программаларынын окуу пландары стандарттын негизинде түзүлдү;
2. 80 ден ашык окуу предметтеринин жумушчу программалары текшерилип, бекитилди;
3. Мультимедиялык жана санариптик технологиялар (AVN окуу порталы иштелип чыгып, ОЖ, расписание, жеке кабинет, эл.журнал, ведомость ж.б. менен камсыздалды;
4. Google Classroom ж.б. ийгиликтүү колдонулду;
5. Окуу сапатына ички мониторинг жүргүзүлүп, студенттерди сурамжылоо жана окутуучулардын сабактарына катышуу уюштурулду;
6. 2024–2025-окуу жылы үчүн ички академиялык аудит өткөрүлдү.

Негизги окуу программалары билим берүү стандарттарына ылайык түзүлдү.

Силлабустар, экзамендик тесттер, ОСКЭ жана ОСПЭ суроолору бардык дисциплиналар боюнча бекитилди. Интерактивдүү методикалык колдонмолор дисциплиналар боюнча түзүлдү.

2024-2025- окуу жылында жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгы менен ПОК үчүн өткөрүлгөн семинарлардын тизмеси:

1. Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Повышению квалификации в сфере организации учебного процесса»;
2. Жогорку окуу жайларында кесиптик билим берүүнүн заманбап технологияларынын негизинде келечектеги адистердин калыптануусу программасы (72 саат, күндүзгү форма) боюнча Москва шаарындагы Эл аралык Педагогтордун кесиптик өнүгүү институтунун семинары өткөрүлдү. Семинарды аталган институттун директору, Москва шаарындагы И.М. Сеченов атындагы Биринчи Мамлекеттик Медициналык

Университетинин профессору Коломиец Ольга Михайловна өткөрдү. Бул семинарга университетибизден 14 окутуучу катышып сертификаттарга ээ болушту;

3. «CERT INTERNATIONAL» академиясы тарабынын ЖАЭУнун профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкерлери үчүн «Менеджер/Внутренний Аудитор системы менеджмента качества по ISO 9001:2015» аталыштагы сапаттын менеджмент системасы боюнча курс уюштурулду (19-22-май, 2025-ж.);
4. 2025-жылдын 23-майында илимий изилдөө иш-чараларынын алкагында “Кыргызстандын азыркы шарттарында балдардын жана чоңдордун физикалык абалын конституциялык, этникалык, жыныстык жана жаштык факторлорду эске алуу менен баалоо” темасында семинар-тренинг өткөрүлдү. Семинарды Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) жана Ош мамлекеттик медициналык университетинин (ОшММУ) илимий изилдөө долбоорунун жетекчилери жүргүзүштү;
5. Илимде «Жасалма интеллектти колдонуу» боюнча семинар өткөрүлдү.

02.07.2024-жылдын КР ББИМ №980/1 буйругунун аткарылышы боюнча төмөнкү иштер уюштурулду:

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси, 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган №179 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын негизинде, Жалал-Абад шаарынын ГНС тарабынан берилген №20154771125 жана ай сайын берилген жасалма интеллект боюнча №11904199500612 патенттеринин негизинде, Бекова Айкан Турдумаматовна менен TOEFL экзаменине даярдык боюнча 2024-жылдын 2-ноябрынан 2025-жылдын 2-майына чейин 6 айлык, жалпы 72 сааттык окуу келишими түзүлдү. Бул келишимдин алкагында ЖАЭУнун 15 кызматкери жана профессордук-педагогикалык составы график боюнча курстан өтүштү.

2025-жылдын 23-апрелинде ЖАЭУнун профессордук-педагогикалык кызматкерлери «Авенир» билим берүү комплекси менен түзүлгөн келишимге ылайык TOEFL ITP тестирлөөсүн ийгиликтүү тапшырды. Бардыгы болуп 15 кызматкер тесттен өттү.

Жалал-Абад эл аралык университетинде англис тилин үйрөнүү борбору – Talking Club «Verbal Voyage» уюштурулду. Борбордун Жобосу жана планы иштелип чыгып, пландын негизинде мугалимдерден түзүлгөн волонтерлор жана англис тилин алып жүрүүчүлөр тартылып, тиешелүү иштер жүргүзүлүүдө. Борбордун жетекчиси – Укубаева А.Н.

Китепкана боюнча 2024–2025-окуу жылы үчүн маалымат:

Жалпы суммасы 108 950 сомго 91 китеп сатып алынды.

OZON интернет-дүкөнүнөн 142 566 сомго 100 китеп заказ берилди.

Дарылоо иши (5 жылдык программа) үчүн «Китепкана фонду» даярдалды. Окуу планындагы 29 предмет боюнча PDF форматында ар биринен 5 электрондук китеп жүктөлдү. Калган предметтер боюнча китептер бар.

Жалпысы 9 китепкана фонду боюнча каталог даярдалды.

800 китепке арналган формулярлар түзүлдү.”

Мындан сырткары окуу процесси графикке ылайык өз убагында уюштурулгандыгы айтылды.

Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А.Асилованын отчету угулду: – “Жыл башында план түзүлүп бекитилген пландын негизинде ар бир иш аткарылды.

Илимий иштери боюнча бир топ иш чаралар аткарылды. Алар:

1. Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразялык журналы ачылды;
2. Кыргыз Республикасынын китеп палатасынан каттоодон өттү Print жана Online версияларына ISSN номер алынды;

3. 30-март 2025-жылы илимий журналдын 1-саны чыкты. Макалалардын саны 20 болду;
4. 18-19 июнь күндөрү Эл аралык илимий практикалык конференция өткөрүлдү. Конференцияга Өзбекистан, Казакстан, Индия, Бангладеш, Непал, Кыргызстандан чакырылган коноктор катышышты;
5. Журналдын экинчи санына макалалар топтолду;
6. Журналдын 2-саны июль айында жарык көрөт.

Жыл ичинде студенттер олимпиадаларга активдүү катышышты. Атап айтсак:

1. Предмет аралык олимпиадалар университеттин денгээлде өткөрүлдү. Жооптуулар: Камрул, Акрамжанов А.Т.
2. 2025-жылдын 1- мартында Бишкек шаарында Кыргыз-Орус Славян университети тарабынан откөрүлгөн олимпиадада студенттерибиз 3 - орунга ээ болушту. Жетекчиси: Садырова Н.А., Акрамжанов А.Т.
3. 2025-жылдын 10-апрель күнү Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети тарабынан уюштурулган " Алдын алуу – дени сак келечектин негизи " аталышында олимпиадада студенттер 1 - орунга ээ болушту. Жетекчиси: Астанов Ш.М., Акрамжанов А.Т.
4. 2025-жылдын 3- май күнү “Medquest 2025” олипиадасы биздин окуу жайда өткөрүлдү. Студенттерибиз 2 – орунга ээ болушту. Жетекчилери: Астанов Ш.М., Акрамжанов А.Т. жана кураторлор.
5. 2025-жылдын 17 май күнү “Үй-бүлөлүк медицина” боюнча Борбор Азия медициналык университети тарабынан уюштурулган олимпиада өткөрүлдү. Студенттерибиз 1-орунду багындырышты. Жеткечиси: Астанов Ш.М., Акрамжанов А.Т.

   Жалпы жыйынтыктыкбоюнча студенттер олимпиадада мыкты билимин, тарбиясын жана командада иштеше аларын көрсөтүштү.

Тарбиялык иштер боюнча пландалган иш чаралар өткөрүлдү, шаардык денгээлдеги 2 иш чарага студенттер окутуучулардын көзөмөлү менен катышышты.

Административдик чарба иштери боюнча проректор Э.Ш. Торокуловдун отчету угулду: – “Жыл ичинде сатып алуулар өтө көп болду, Атасак:

1. Алгач ректораттын кааналарына эмеректер сатылып алынып, орг техника менен камсыз болушту;
2. Окутуучуларга оргтехника жана тиричиликке керектелүүчү буюмдар сатылып алынган;
3. Окуу кааналарына штора жана жалюзилер алынды;
4. Окуу кааналарына эмеректер жасатылды;
5. Лабораториялык кааналар уюштурулду;
6. Фантом маникендер, анатомиялык стол жана микроскоптор (санарип, оптикалык) сатылып алынган;
7. Жети интерактивдик панель алынды;
8. Рекламалык кызматтарга да акча каражаты бөлүндү;
9. Болочок клиникага заманбап медициналык эмеректер сатылып алынды.

Жалпы эсепте сатып алуулардын саны 10 591 245 сомду түздү.”

Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучусу М.С.Бекташевдин отчету угулду: – “Учурда кызматташтык кылып жаткан

агенттиктердин жана компаниялардын саны 10, ал эми кошумча партнерлордун саны да 10. Алар:

Kyrgyzstan Admission Center (Индия)
NT Patil Education (Индия)
Bukma University (Индия)
Shalom Med Education (Тамилнаду, Индия)
MBBS Admission Center (MAC, Индия)
WCIEC Gulf (Дубай, ОАЭ)
Expertise (Индия)
Affinity Education (Индия)
MIECG Make Medical (Индия)
Edify Group (Индия)

Кошумча партнерлор:
MarkAbroad Road (Индия)
Spectrum Studies (Индия)
CEECO International (Индия)
Hasid Educational Trust (Индия)
Academic Service (предположительно Индия или Украина)
INDOACE Global (Индия)
Pulse Education (Индия)
Golden Education (Индия)
AK Consultancy (Индия)
Study Abroad Services, CAC (Индия)

Төмөнкү окуу жайлар менен келишимдер жана меморандумдар түзүлдү:

1. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети – кызматташтык жөнүндө келишим;
2. Борбор Азия эл аралык медициналык университети (Бишкек) – кызматташтык жөнүндө келишим;
3. Ош мамлекеттик университети (Ош) – келишим;
4. Ош эл аралык медициналык университет (Ош) – келишим;
5. Түштүк Азия университети (Бишкек) – меморандум;
6. Азия медициналык институту (Кант) - келишим;
7. Шароф Расулов атындагы Самарканд мамлекеттик университети (Самарканд) – меморандум
8. Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети (КУЭУ) - келишим
9. Абу Али ибн Сина атындагы Бухара мамлекеттик медициналык институту (Бухара) – жаңы келишим 2025-жылдын май айында түзүлгөн
10. Университет Хорфакана (Шарджа) — меморандум

Медициналык мекемелер жана чет өлкөдөгү клиникалык базалар төмөнкүлөр:

- Kauvery Medical College & Hospitals (Тамилнаду) — көп тармактуу ооруканасы бар чоң медициналык колледж
- Sir Ganga Ram Hospital (Дели) Түндүк Индиядагы алдыңкы жеке оорукана
- Bombay Hospital & Medical Research Centre (Мумбаи) — ири медициналык изилдөө борборлорунун бири

- Dr. Bhatia Medical Coaching Institute (Дели) — экзамендерге даярдоо жана медициналык окуу институту
- Kauvery Medical College & Hospitals (Тамилнаду) — көп тармактуу ооруканасы бар чоң медициналык колледж
- Sir Ganga Ram Hospital (Дели) — Түндүк Индиядагы алдыңкы жеке оорукана
- Bombay Hospital & Medical Research Centre (Мумбаи) — ири медициналык изилдөө борбору
- Dr. Bhatia Medical Coaching Institute (Дели) — экзамендерге даярдоо жана медициналык окуу институту
- Жергиликтүү *медициналык мекемелер жана клиникалык базалар төмөнкүлөр:*
- Жалал-Абад бириккен клиникалык ооруканасы
- Жалал-Абад шаарынын Үй-бүлөлүк медицина борбору
- Кочкор Ата шаарынын жалпы врачтык практика борбору
- ISMAA-MED (Сузак району)

Токтом долбоору

Окуу иштери боюнча проректордун, илим, мамлекеттик тил, социалдык иштер боюнча проректордун, административдик чарба иштери боюнча проректордун жана эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучусунун маалыматтары эске алынсын жана отчеттору канааттандырарлык деп табылсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе боюнча жайкы экзамендик сессиянын жүрүшү жөнүндө окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырова баяндама жасады. – “Урматтуу кесиптештер, жайкы сессия окуу графигинин негизинде жүрдү. Учурда 1 курстун студенттерине гана окуу уланып жатат, калган курстарда окуу процесси токтогон.

Жайкы сессия боюнча маалымат:

Жалпы студенттердин саны – 191

Сессияга катышканы – 175

5 курстун студенттери үчүн сессия 23.06 дан 28.06 чейинки аралыкта болду.

1 курстун студенттери үчүн 30.06. дан 05.07 чейин экзамендик сессия болот.

Экзамендерден үч же андан көп карызы бар студенттердин саны төмөнкүчө:

Лди-8-20 – 0 студ.

Лди-1-21 – 4 студ. (2 модуль)

Лди-1-22 – 5 студ. (2модуль)

Лди-1-23 – 0 студ.

Лди -1-24 – 4 студ. (1 модуль)

Лди-2-24 – 1 студ. (1модуль)

Лди-3-24 – 0 студ.

Лди(зп)-1-24 – 1 студ. (1модуль)

Лди(зп)-2-24 – 0 студ. (1модуль)”

Токтом долбоору:

Жайкы экзамендик сессиянын жүрүшү жөнүндө окуу иштери боюнча проректордун маалыматы эске алынсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4. Ар түрдүү маселелер:

4.1. Бул маселе боюнча ЖАЭУнун ректору М.Р. Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Жаңы окуу жылына карата ремонт иштерин башташыбыз керек. 1-, 2- этаждарды жана подвалдагы окуу кааналар ремонтко муктаж. Ошондой эле өрт коопсуздугун сактоо максатында, талаптарга ылайык сигнализациялар жана камераларды орнотуу зарылчылыгы бар.

Албетте биринчи жылы эң керектүү болгон эмеректер жана орг техникалар сатып алынган бирок ал жетишсиз. 2025-2026-окуу жылына студенттердин саны да бир топ көбөйөт деген үмүттөбүз жана ошого даяр болушубуз зарыл. Ошондуктан дагы бир нече орг техниканы, окуу китептерин, окуу лабораторияларына керектүү жабдыктарды жана эмеректерди сатып алуу муктаждыгы бар.”

Сөзгө чыккандар:

Окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырова: – “Агайдын айкандарына толук кошулам, ремонт иштерин кылбасак болбойт, себеби былтыркы окуу жылында 3- жана 4-этаждар ремонттолуп калган этаждар болгон эмес.

Мындан сырткары студенттердин саны көбөйсө мугалимдерибиздин да саны көбөйөт жана лабораториялык класстарды да көбөйтүрүшүбүз керек болот. Колдоп берүүгө чакырам.”

Административдик чарба иштери боюнча проректор Э.Ш. Торокулов: - Урматтуу кесиптештер былтыркы окуу жылында керектүү эмеректер менен камсыз кылганбыз, бирок 2025-2026 окуу жылына да алына турган эмеректерибиз бар, себеби лицензиялык талаптарга ылайык ачыла турган лабораторияларга атайын эмеректер керек болот. Сунушту колдойм. Баарыңыздарды колдоп берүүгө сунуштайм.

Окумуштуулар Кеңшмесинин калган мүчөлөрү да бул маселени колдошту.

Токтом долбоору:

а) 2025-2026-окуу жылына карата административдик-окуу корпусунун оңдоп түзөө иштери үчүн акча каражаты бөлүнсүн;

б) Өрт коопсуздугун талаптарына ылайык сигнализациялар жана камераларды орнотуу үчүн акча каражаты бөлүнсүн;

в) Окуу процессин тиешелүү деңгээлде уюштуруу үчүн окуу эмеректерин, окуу китептерди, орг техникаларды жана лабораториялар үчүн каражаттарды сатып алуу үчүн акча каражаты бөлүнсүн;

г) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештерине сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4.2. Бул маселе боюнча ЖАЭУнун ага экономисти М.К. Нарматов сөз сүйлөдү: – Урматтуу кесиптештер назарыңыздарга эки маселе кароого сунуштайм . Биринчиси “Жалал-Абад эл аралык университети тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү билим берүү кызматтардын прейскутантын сиздердин карооңуздарга сунуш кылам (таблица көрсөтүлдү, ага экономист таблицада көрсөтүлгөн бааларды, негиздеп толук түшүндүрмө берди). Коюлган баалар алдын ала административдик кеңеште да талкууланган. Бул баалар башка окуу жайларга салыштырмалуу азыраак жана төлөп жаткан тараптар үчүн да ыңгайлуу. Ушул таблицада көрсөтүлгөн акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифтерин бекитип берүүңүздөрдү суранам (таблица тиркелет)”.

Экинчиси, Кыргызстан жараандарын 2025-2026 окуу жылында жаңы кабыл алып жатканыбызга байланыштуу ЖРТ баллдарына карата акы төлөмүнөн жеңилдиктерди берүү маселеси.

Кабыл алууда ЖРТ баллдарына карата окуу акысынан арзандатууларды берүү боюнча, алдын ала сүйлөшүүлөрдүн негизинде төмөнкүдөй сунушталат.

Дарылоо иши үчүн

260-279 балл – 25% арзандатуу;
280-299 балл – 50% арзандатуу;
300-319 балл – 75% арзандатуу;
320+ балл – 100 % арзандатуу.

4 жылдык программалар үчүн

140-149 балл – 25% арзандатуу;
150-159 балл – 50% арзандатуу;
160-169 балл – 75% арзандатуу;
170+ балл – 100 % арзандатуу.

Ошондой эле Республикалык олимпиадада 1- орунду багындырган студент 100% арзандатуу менен 2-3 орун ээлеген студент 50% арзандатуу сунушталат

Областтык олимпиаданын байгелүү орундардын ээлерине (1-3 орундар) 50% жеңилдиктер сунушталат.

Сөзгө чыккандар:

Ректор М.Р. Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Жалал-Абад эл аралык университети тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү билим берүү кызматтардын прейскутанты университеттин кызыкчылыгын, уставын, стратегиялык планын жана миссиясын эске алуу менен түзүлүп сунушталууда. Чындыгында бул тариф башка окуу жайларга салыштырмалуу азыраак, ошондуктан ата энелер үчүн ыңгайлуу.

Окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырова: – “Тариф эң туура түзүлгөн деп ойлойм, ага экономисттин берген түшүндүрмөсү негиздүү болду. Бардык параметрлер эске алынган. Барыныздарды колдоп берүүңүздөрдү суранам.”

Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А.Асилова: - Албетте экинчи маселеде сунушталып жаткан окуу акысы боюнча жеңилдиктер эң жакшы жөрөлгө, себеби ал күчтүү, тың окуучуларды бизге тартууга жол ачат. Айрыкча региондогу мыкты окуучулардын биздин окуу жайга келүүсүн камсыздайт. Эки маселени тең колдойм.

Окумуштуулар Кенешмесинин бардык мүчөлөрү коюлган тарификацияга жана окуу акысы боюнча жеңилдиктерге макул болушканын билдиришти.

Токтом долбоору

а) 2025-2026-окуу жылына карата акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифин бекитип берүү жагы ЖАЭУнун камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештерине сунушталсын (таблица тиркелет).

б) 2025-2026-окуу жылында ЖРТ жыйынтыгына карата студенттерге окуу акысынан жеңилдиктерди берүү жагы ЖАЭУнун камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештерине сунушталсын (таблица тиркелет).

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4.3. Ректор М.Р. Нарбаев – симуляциялык борборду түзүү боюнча кыскача маалымат берди: – “Баарыныздарга маалым болгондой лицензиялык жана аккредитациялык талаптарга ылайык медицина багытындагы адистерди даярдаган ар бир окуу жайда силуляциялык борборлордун болушу шарт. Ошондуктан студенттердин практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн биз да симуляциялык борборду түзүшүбүз керек. Бул борборду административдик корпустун 4-кабатынын сол канатына жайгаштырууну сунуштайм. Ошондой эле симуляциялык борборго керектүү болгон каражаттарды жана жабдыктарды жаңы окуу жылына чейин сатып алышыбыз керек”.

Сөзгө чыккандар:

Окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырова: – Албетте лицензиялык жана аккредитациялык талаптарга ылайык симуляциялык борбор түзүп ага керектүү болгон каражаттарды жана жабдыктарды алышыбыз керек. Буга бир нече себептер бар. Алар:

Биринчиден 2025-2026 окуу жылына карата кабыл алуу планыбызга ылайык студенттердин да саны көбөйөт.

Экинчиден кийинки окуу жылында НААР аккредитациялык агенттигинен аккредитациядан өтө турган болсок, бул борборсуз өтүүгө мүмкүн эмес болот. Ошондуктан бул борборду түзүү бизге абдан зарыл.

Токтом долбоору

а) ЖАЭУнун административдик окуу корпусунун 4-кабатынын сол канаты симуляциялык борбор болуп түзүлсүн;

б) Симуляциялык борборго керектүү болгон каражаттарды жана жабдыктарды сатып алуу үчүн акча каражаты бөлүнсүн;

в) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештеринин кароосуна сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4.4. Бул маселе боюнча ЖАЭУнун ректору М.Р. Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Кафедра башчылары тарабынан жана административдик кеңештин жыйынтыгы менен берилген билдирүүлөргө ылайык профессордук-окутуучулук курам жана кызматкерлер 2024-2025-окуу жылынын жыйынтыгы менен төмөнкүдөй сыйлыктарга жана муктаждыктарына карап материалдык жардамдарга сунуш кылынып жатат:

ГТД кафедрасынын билдирүүсү боюнча:

ЖАЭУнун Ардак грамотасына (5000 сом акчалай сыйлыгы менен) – улук окутуучу Курбанова Н.А.

10 000 (он миң) сом өлчөмүндө материалдык жардамга – Касымов Б.Ж.

ЖМД кафедрасынан келип түшкөн билдирүү боюнча:

Акрамжанов А.Т. – ЖАЭУнун Ардак грамотасына (5000 сом акчалай сыйлыгы менен);

Жунусов Д. жана Садыков А. – 10 000 (он миң) сом өлчөмүндө акчалай сыйлыкка.

Администрациянын курамынан төмөнкү окутуучулук курам жана кызматкерлер сыйлыктарга жана материалдык жардамга сунушталышты:

Областтык администрациянын Ардак грамотасына – Нарбаев М.Р.;

Жалал-Абад шаардык кеңешинин Ардак грамотасына – Торокулов Э.Ш.;

Жалал-Абад шаардык мэриясынын Ардак грамотасына – Астанов Ш.М.;

ЖАЭУнун Ардак грамотасына (5000 сом акчалай сыйлыгы менен) – Дипак Чаулагин

10 000 (он миң) сом өлчөмүндө акчалай сыйлыкка – Укубаева А.Н.;

10 000 (он миң) сом өлчөмүндө акчалай сыйлыкка – Бекташев М.С.;

10 000 (он миң) сом өлчөмүндө материалдык жардамга – Чойбекова Н.М.

Техникалык жана кичи тейлөөчү кызматкерлердин баарына материалдык жардам жана ыраазычылык кат берилүүсү сунушталды:

1. Иманкулова Кундузкан Ибраимовнага – 10 000 (он миң) сом өлчөмүндө материалдык жардам жана ыраазычылык кат;
2. Алдосова Гулжан Калыкбаевнага – 10 000 (он миң) сом өлчөмүндө материалдык жардам жана ыраазычылык кат;
3. Абдраимова Ферузага – 10 000 (он миң) сом өлчөмүндө материалдык жардам жана ыраазычылык кат;
4. Нуркамилов Кубатка – 10 000 (он миң) сом өлчөмүндө материалдык жардам жана ыраазычылык кат.”

Ар бир окутуучунун жана кызматкердин аткарган иштеринин жыйынтыктары айтылып, кафедранын, тиешелүү түзүмдөрдүн жыйындарында талкууланганы белгиленди.

Суроолор болгон жок бул кандидатуралар бир добуштан жактырылды.

Аты аталган профессордук окутуучулук курам жана кызматкерлерге Ардак грамота, акчалай сыйлык жана ыраазычылык кат берилүүсү бир добуштан жактырылды.

Токтом долбоору

Жогоруда аты аталган ЖАЭУнун профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкерлери тиешелүү сыйлыктарга жана материалдык жардамга көрсөтүлсүн жана сыйлансын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4.5.-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А. Садырова жыл ичинде жүргүзүлгөн мониторингтин жыйынтыгы окуу усулдук кеңешмеде талкууланганын билдирип, 560001 “Дарылоо иши” (5 жыл) билим берүү проограммасына оңдоп түзөөлөрдү, өзгөрүүлөрдү киргизүүнү сунуштады .

Токтом долбоору

2025-2026-окуу жылына карата 560001 “Дарылоо иши” (5 жыл) билим берүү проограммасы оңдоп түзөөлөрдүн, өзгөрүүлөрдүн негизинде бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. Окумуштуу катчынын маалыматы эске алынсын.
2. Окуу иштери боюнча проректордун, илим, мамлекеттик тил, социалдык иштер боюнча проректордун, административдик чарба иштери боюнча проректордун жана эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучусунун маалыматтары эске алынсын жана отчеттору канааттандырарлык деп табылсын.

3. Жайкы экзамендик сессиянын жүрүшү жөнүндө окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырованын маалыматы эске алынсын.
4. Ар түрдүү маселер:

4.1. а) 2025-2026-окуу жылына карата административдик-окуу корпусунун оңдоп түзөө иштери үчүн акча каражаты бөлүнсүн;

б) Өрт коопсуздугун талаптарына ылайык сигнализациялар жана камераларды орнотуу үчүн акча каражаты бөлүнсүн;

в) Окуу процессин тиешелүү деңгээлде уюштуруу үчүн окуу эмеректерин, окуу китептерди, орг техникаларды жана лабораториялар үчүн каражаттарды сатып алуу үчүн акча каражаты бөлүнсүн;

г) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештерине сунушталсын.

4.2. а) 2025-2026-окуу жылына карата акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифин бекитип берүү жагы ЖАЭУнун камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештерине сунушталсын (таблица тиркелет).

б) 2025-2026-окуу жылында ЖРТ жыйынтыгына карата студенттерге окуу акысынан жеңилдиктерди берүү жагы ЖАЭУнун камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештерине сунушталсын (таблица тиркелет).

4.3. а) ЖАЭУнун административдик окуу корпусунун 4-кабатынын сол канаты симуляциялык борбор болуп түзүлсүн;

б) Симуляциялык борборго керектүү болгон каражаттарды жана жабдыктарды сатып алуу үчүн акча каражаты бөлүнсүн;

в) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештеринин кароосуна сунушталсын.

4.4. Жогоруда аты аталган ЖАЭУнун профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкерлери тиешелүү сыйлыктарга жана материалдык жардамга көрсөтүлсүн жана сыйлансын.

4.5. 2025-2026-окуу жылына карата 560001 “Дарылоо иши” (5 жыл) билим берүү проограммасы оңдоп түзөөлөрдүн, өзгөрүүлөрдүн негизинде бекитилсин.

Көчүрмөсү анык
ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.